# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ
# ГОДОВОЙ ОТЧЕТ
# ANNUAL REPORT

КЫРГЫЗПАТЕНТ

1998

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЛДЫНДАГЫ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТСТВО

STATE AGENCY OF INTELLECTUAL PROPERTY OF THE KYRGYZ REPUBLIC

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИ ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

(КЫРГЫЗПАТЕНТ)

КЫРГЫЗПАТЕНТ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ
# ГОДОВОЙ ОТЧЕТ
# ANNUAL REPORT

# 1998

Библиотека
Кыргызпатента

БИШКЕК 1999

© Текст, Кыргызпатент, 1999 г.
© Перевод на кыргызский, английский, Кыргызпатент, 1999 г.

Оригинал-макет издания подготовлен Кыргызпатентом. г. Бишкек, 11 мкр., 10/1. Тел.: 51-08-10, 51-08-14, 51-08-18.
Факс: (312) 51-08-13
Электронная почта: oms@imfiko.bishkek.su, ro@imfiko.bishkek.su
oms@elcat.kg, ro@elcat.kg
Банковские реквизиты: 1. В национальной валюте - Кыргызпатент
АГБ "Бишкек", г. Бишкек
Р/с 7414172000200393 Код МФО ЗХ'10~Ч1
2. В иностранной валюте - Р/счст 7418402000200087 н АГБ "Бишкек", г. Бишкек
код МФО 330107741
Р/с 756200021044 в АКБ "Кыргызстан", г. Бишкек
3. В валютах стран СНГ - Р/счст 7418102000200087 в АГБ "Бишкек', г. Бишкек
код МФО 330107741
Р/счст 750200021644 в АКБ "Кыргызстан", г. Бишкек
Адрес банка 720300, г. Бишкек, Токтогула, 187

## *Мазмуну*

1. Кириш сөз (Кыргызпатенттин директорунун кириш сөзү)........................ 7

2. Интеллектуалдык менчик объектилерин
коргоонун нормативдик-укуктук базасы .................................................. 10

3. Өнөр жай менчигинин объектилерин жана селекциялык жетишкендиктерди экспертизадан
өткөрүү жана каттоо ......................................................................... 15

3.1. Ойлоп табуулар..................................... ............................................... 15

3.2. Товардык белгилер ................................................................................. 19

3.3. Пайдалуу моделдер.................................................................................. 23

3.4. Өнөр жай үлгүлөрү .................................................................................. 24

3.5. Селекциялык жетишкендиктер ................................................................ 25

4. Лицензиялык келишимдерди экспертизадан өткөрүү жана каттоо ........... 26

5. Автордук укуктун жана эриш-аркак

укуктардын объектилерин коргоо.............................................................. 28

6. Кыргызпатенттин патенттик-маалымат ишмердүүлүгү.............................. 30

7. Автоматташтыруу жана компьютерлештирүү ............................................ 32

8. Патенттик-маалымат кызматынын "ТАБЫЛГА"
инновациялык борбору ................................................................................ 33

9. Эл аралык кызматташтык,
Интеллектуалдык менчик жаатындагы кадрларды даярдоо ....................... 34



Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдыццагы Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекетгик агентствонун (Кыргызпатент) директору, техникалык илимдердин доктору, профессор, Эл аралык Инжеиердик академиясынын академиги

ОМОРОВ РОМАН ОМОРОВИЧ

Директор Государственного агентства интеллектуальной собственности при Правительстве Кыргызской Республики (Кыргызпатент), доктор технических наук, профессор, академик Международной Инженерной академии

ОМОРОВ РОМАН ОМОРОВИЧ

Director о Г the Stale Agency of Intellectual Property under the Government of the Kyrgyz Republic, Doctor of Technical Science, Professor, Academician of the International Engineering Academy

ROMAN O. OMOROV

## *Кириш сөз*

1998-жыл Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчикти коргоо системасынын андан ары өнүгүшүнүн жылы болуп калды. Интеллектуалдык жаатында мыйзамдык 8 актынын кабыл алынышы жана ишке киргизилиши өзгөчө мааниге ээ болду. Алар төмөндөгү " Патенттик" мыйзам; "Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлардын чыккан жерлеринин аталыштары жөнүндө"; "ЭЭМ жана маалыматгар базалары үчүн программаларды укуктук коргоо жөнүндө"; "Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук коргоо жөнүндөгү"; "Коммерциялык жашыруун сыр жөнүндө"; "Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо жөнүндө" мыйзамдар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин II бөлүгүнүн ишке киргизилиши, мында V бөлүм бүт бойдон интеллектуалдык менчикке арналган.

Жаңы эки мыйзам долбоору - "Фирмалык аталыштар жөнүндө" жана "Кызматгык ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер жана өнөр жай үлгүлөрү жөнүндө" мыйзам долбоору даярдалып коюлду.

Жаңы мыйзамдарга ылайыктуу жаны нормативдик-укуктук мыйзамдык актылар интеллектуалдык менчиктин ар түрдүү объектилери боюнча Жобо жана Эреже иштелип чыгып ишке киргизилди, атап айгканда Өкмөттүн Токтомдору менен Өнөр жай менчигинин объектилерин патенттөө үчүн алымдар (пошлина) жөнүндө Жобо (1998-жылдын 12-июнунда), ошондой эле Автордук укуктун жана эриш-аркак укуктардын обьектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акынын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө Жобо (1998-жылдын 17-декабрында) кабыл алынды.

Өкмөт тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствосу жөнүндө жаңы жобо, ошондой эле Кыргызстандын интеллектуалдык сиетемасын өнүктүрүүнүн Концепциясы кабыл алынды.

Кыргызстан үчүн 1998-жылы Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (БДСУ) (расмий түрдө 1998-жылдын 20-декабрында) кириши олуттуу окуя болуп саналды. Мында бул фактыда ТРИПС Макулдашуусу менен аныкталуучу интеллектуалдык менчиктин укуктарынын соода аспектилери жагында БДСУнун талаптарын аткарууну камсыз кылуучу мамлекеттик орган катары, Кыргызпатентке чон роль таандык экендигин белгилей кетүү керек. БДСУ менен сүйлөшүүлөр боюнча Ведомство аралык Өкмөттүк комиссияда активдүү катышуу менен Кыргызпатент интеллектуалдык менчик жаатында 1998-жылы кабыл алынган Мыйзамдардын нормаларын ТРИПСке шайкеш келтирди.

Интеллектуалдык менчик системасында олуттуу өзгөрүштөр болду, атап айтканда Өкмөттүн Токтому менен РИТ китепкана Мамлекеттик патенттик- техникалык китепканага кайра түзүлүп 1998-жылдын 3-ноябрында Кыргызпатенттин карамагына өткөрүлүп берилди, 1998-жылдын декабрында Кыргызпатенттин алдында Интеллектуалдык менчиктин мамлекеттик фонду түзүлдү, анын негизги максаты ойлоп табуучулукту жана чыгармачылыкты стимулдаштыруу болуп саналат, студенттерге, магистранттарга интеллектуалдык менчиктин укуктары боюнча курсту окутуу үчүн жогорку окуу жайлар аралык "Интеллектуалдык менчик" кафедрасы түзүлдү, ошондой эле интеллектуалдык менчик жаатында адистердин квалификациясын жогорлатууда өлкөнүн түштүк чөлкөмүндө иштөө үчүн Ош бөлүмү түзүлдү.

1998-жылдын октябрында өткөрүлгөн Кыргызпатенттин 5-жылдык маарекесин майрамдоо Кыргызпатенттин жамаатынын турмушунда маанилуу окуя болду, ал Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик системасын өнүктүрүүдөгү ийгиликтерди айгинеледи.

Кыргызпатент 1998-жылы эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө адаттагыдай эле чоң маани берип келди. Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму (ИМБДУ) менен ар тараптан кызматташуу улантылды. Кыргызстан өнөр жай менчигинин объектилерин классификациялоо боюнча үч Эл аралык - Ницца, Локарно жана Вена макулдашууларына кошулду. Эл аралык патенттик классификация боюнча Страсбург макулдашуусуна Кыргызстан 1999-жылдын 10-сентябрында кошулат. ИМБДУнун Автордук укук боюнча келишимине (АУК) кошулуу жөнүндө Грамота ратификацияланып, ИМБДУнун Баш директоруна сактоого берилди.

Кыргыз Республикасынын Парламенти тарабынан Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясына кошулуу жөнүндө Мыйзам кабыл алынды.

Адистерди тил жагынан даярдоо боюнча, семинарлар менен курстарга катышуу боюнча Европалык патенттик ведомство (ЕПВ) менен активдүү кызматашуу улантылды.

Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Мамлекеттер аралык Кеңештин жана Евразиялык патенттик уюмдун Администрациялык Кенешинин алкагында КМШ өлкөлөрү менен иш жүргүзүлдү. Атап айтканда, Кыргызпатент КМШ өлкөлөрүнүн патеттик маалыматынын бирдиктүү CD-ROM дискасы боюнча иштерге катышты, бул ЕПВ нин активдүү финансылык жана техникалык жардамы аркылуу түзүлөт.

1998-жылы ноябрда "Интеллектуалдык менчикти коргоо жөнүндө" Түркия Республикасы менен Өкмөт аралык макулдашууга кол коюлуп, күчүнө кирди.

Өткөн жылы Россиялык Автордук коом (РАК) жана Казакстан Республикасынын Автордук коому (КазАО) менен автордук укук жана эриш-аркак укуктарды өз ара коргоо жөнундө Ведомстволор аралык Макулдашуулар түзүлдү.

Ойлоп табуучулар жана авторлор менен активдүү иш жүргүзүлдү. Интеллектуалдык менчикти коргоо маселелери боюнча авторлор жана ойлоп табуучулар менен чөлкөмдүк эки семинар (Бишкек ш. менен Ош ш.) өткөрүлдү.

Ойлоп табуу ишмердиги жаатындагы иштердин мыкты натыйжаларына Республикалык II конкурс болуп өттү.

Кыргызстандын интеллектуалдык системасы өлкөнүн туруктуу экономикалык, илимий-техникалык жана маданий өнүгүүсүнүн олуттуу факторлорунун бири болуп саналат.

Р.О. Оморов

## *Интеллектуалдык менчиктин объектилерин коргоонун нормативдик-укуктук базасы*

Интеллектуалдык менчиктин объектилерин коргоонун нормативдик-укуктук базасын түзүү жаатында 1998-жылы Кыргызпатенттин алдында жаны мыйзамдардын долбоорлорун даярдоо боюнча, интеллектуалдык менчик жаатында 1997-1998-жылдарда кабыл алынган мыйзамдарды аткарууда мыйзамдык нормативдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу боюнча, ошондой эле аларды өркүндөтүү боюнча бир катар милдеттер турган.

1998-жылы Бүткүл дүйнөлүк Соода Уюму (БДСУ) менен сүйлөшүүлөр боюнча Кыргыз Республикаеынын Өкмөтүнүн алдындагы Ведомстволор аралык комиссиянын алкагында Кыргызпатент өзүнүн компетенциясына кирүүчү маселелердин айланасында Кыргыз Республикасынын БДСУга кирүүсү боюнча даярдык ишин жүргүзүү кезинде түздөн-түз катышты. Кыргыз Республикасынын БДСУга кирүүсү боюнча сүйлөшүүлөр кезинде Кыргызстан БДСУга кирген кезде кабыл алууга тийиш болгон 24 макулдашуудан турган пакет каралды. Көрсөтүлгөн макулдашуулардын ичинде интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспектилери боюнча макулдашуу (TRIPS) бар, мунун жобосу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ага шайкеш келтирүү максатында Кыргызпатент тарабынан талдалып чыкты. 1998-жылы 14-октябрда БДСУну түзүү жөнүндө Маракеш макулдашуусуна кошулуу тууралуу Протоколго кол коюу бул сүйлөшүүлөрдүн натыйжасы болуп саналат, мунун күчүнө кирүүсү Кыргыз Республикасынын аймагында 1998-жылдын 20-декабрында болду.

БДСУга кирүү боюнча бул уюм менен сүйлөшүүлөр кезинде Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган милдеттенмелердин алкагында "Адабий жана корком чыгармаларды коргоо тууралуу Берн конвенциясына кошулуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды.

Өнөр жай менчигинин обьектилерине мажбурлоо лицензиясы жөнүндөгү маселени жөнгө салуу тууралуу БДСУ менен сүйлөшүүлөрдө Республиканын Өкмөтү тарабынан кабыл алынган Кыргыз Республикасынын берген милдеттенмелерине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998- жылдын 24-декабрындагы № 862 токтому менен Ойлоп табууларды пайдаланууга мажбурлоо лицензиясын берүү жөнүндө Жобо даярдалып, кабыл алынган.

Интеллектуалдык менчик жаатында нормативдик-укуктук базаны андан ары комплектөө үчүн 1998-жылы төмөндөгү мыйзамдардын долбоорлору иштелип чыгып Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизилди:

- "Фирмалык аталыштар жөнүндө";
- "Кызматтык ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өнөр жай үлгүлөрү жөнүндө".

Интеллектуалдык менчик жаатында нормативдик укуктук базаны өркүндөтүү жана 1998-жылдын башында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Патенттик Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Автордук укук жана эриш-аркак укуктар жөнүндөгү" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлардын чыккан жерлеринин аталыштары жөнүндөгү" Мыйзамына шайкеш келтирүү максатында төмөндөгү Мыйзамдар иштелип чыгып, ишке киргизилди:

- Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 26-июнундагы "Комерциялык жашыруун сыр жөнүндө" Мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 27-июнундагы "Кыргыз Республикасынын шаар курулуш жана архитектурасы жөнүндө" Мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө.

Кыргызпатенттин функцияларынын кеңейишине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствосу (Кыргызпатент) жөнүндө Жобо кошумча иштелип чыгып, бекитилди.

"1997-жылдын 14-октябрындагы "1998-жылда мамлекеттин экономикалык саясаты жөнүндө" жана Кыргыз Республикасынын экономикасын 1997-1998- жылдарга өнүгүүсүнүн туруктуулугун камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кайрылуусун жүзөгө ашыруу боюнча чаралардын программасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 5-декабрындагы № 714 токтомун аткаруу үчүн Кыргызстандын интеллектуалдык менчик системасын өнүктүрүүнүн Концепцияеынын долбоору иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 7-июлундагы № 439 Токтому менен бекитилген.

1998-жылы өнөр жай менчиги жөнүндө Мыйзамдардын кабыл алынышына байланыштуу Өкмөттүн 12.06.98. N 346 токтому менен ойлоп табууларды, пайдалуу моделдерди,өнөр жай үлгүлөрүн, патенттөө үчүн, товардык белгилерди, тейлөө белгилерин, товарлардын чыккан жерлеринин аталыштарын каттоо үчүн, товарлардын чыккан жерлеринин аталыштарын пайдалануу укугун берүү үчүн алымдар жөнүндө кайра Жобо иштелип чыгып бекитилген.

Объектилерге өтүнмөлөрдү түзүү, берүү жана аларды карап чыгуу процедураларын аныктоочу бир катар нормативдик документтер иштелип чыгып, жана бекитилди:

- Ойлоп табууга алдын ала патентке, патентке өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун жобосу;
- Пайдалуу моделге күбөлүк берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана каран чыгуунун жобосу;
- Өнөр жай үлгүсүнө алдын ала патентке, патентке өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун жобосу;
- Товардык белгини, тейлөө белгисин каттоого өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун жобосу;
- Товарлардын чыккан жеринин аталышыи каттоого жана аны пайдаланууга укук берилишине же мурда эле катталган товардын чыккан жеринин аталышын пайдаланууга укук берилишине өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун жобосу;
- Ойлоп табууга эл аралык өтүнмө берүүнүн жана карап чыгуунун жана ойлоп табууга евразиялык патент алууга өтүнмө берүүнүн жобосу;
- Селекциялык жетишкендикке патент алууга өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун жобосу;

Интеллектуалдык менчиктин обьектилеринин Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартибин белгилөө үчүн, коргоо документтерин жана бул документтердин дубликаттарын берүү үчүн Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчигинин обьектилеринин Мамлекеттик рееетрлери жөнүндө Жобо иштелип чыгып жана бекитилди.

Кыргыз Республикасында ойлоп табуу ишмердигин стимулдаштыруу системасын иштеп чыгуу алкагында:

- Кыргызпатенттин алдында Интеллектуалдык менчиктин Мамлекеттик фондусу жөнүндө Жобо иштелип чыгып, бекитилди;
- уставдык фондуну баалоо жана пайдалануу, интеллектуалдык менчиктин обьектилерин эсепке алуу жана амортизациялоо боюнча материалдык эмес активдер катары ээлик кылуучу субьектилерге жардам катары интеллектуалдык менчиктин объектилеринин наркын баалоо боюнча усулдук сунуш иштелип чыкты.

Кыргызпатенттин алдындагы Апелляциялык кеңеш жөнүндө Жобо жана Кыргызпатенттин алдындагы Апелляциялык кеңешке нааразылыктарды берүүнүн жана аларды карап чыгуунун Эрежеси иштелип чыкты жана бекитилди.

Кыргыз Республикасынын Автордук укук жана эриш-аркак укуктар жөнүндө Мыйзамын жүзөгө ашыруу максатында Өкмөттүн 1998-жылдын 17-декабрындагы № 832 токтому менен "Автордук укуктун жана эриш-аркак укуктардын объектилерин пайдалангандыгы учүн автордук сый акынын минималдык өлчөмү жөнүндө Жобо" иштелип чыгып. бекитилди.

Автордук укуктун объектисин жана эриш-аркак укуктардын обьектисин каттоого өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун тартибин жөнгө салуу үчүн автордук укуктун объектисин жана эриш-аркак укуктардын обвектисин каттоого өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун Эрежелери иштелип чыгып, бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөндөгү токтомдорунун долбоорлору даярдалып жана тийиштүү министрликтер жана ведомстволор менен макулдашылды;

- Автордук укуктун жана эриш-аркак укуктардын объектилерин каттоо үчүн жыйымдар жөнүндө;
- ЭЭМ менен МБ жана интегралдык микросхемалар үчүн программаларды каттоо үчүн жыйымдар жөнүндө;

Мындан тышкары Өкмөттүн төмөндөгү токтомдорунун долбоорлору даярдалып, тийиштүү министрликтер жана ведомстволор менен макулдашылды:

- селекциялык жетишкендиктерди патенттөө үчүн алымдар жөнүндө;
- өсүмдүктөр менен жаныбарлардын ботаникалык жана зоологиялык тукумдары менен түрлөрүнүн тизмесине толуктоолорду киргизүү жөнүндө.

Өнөр жай менчигинин, сслекциялык жетишкендиктин, лицензиялык келишимдерди пайдаланууга укук берүү жөнүндө бул лицензиялык келишимдин объектисине коргоо документин башка бирөөгө ыйгарып берүү жөнүндө келишимди, технологияларды өткөрүп берүү жөнүндөгү келишимди каттоо тартибин аныктоо үчүн, ошондой эле автордук укук менен эриш-аркак укуктардын объектилерине автордук келишимди жана интегралдык микросхемалардын топологиясына лицензиялык келишимди карап чыгуу жана каттоо тартибин аныктоо үчүн төмөндөгүлөр иштелип чыгып, каралып чыгууда жатат:

• Өнөр жай менчигинин, селекциялык жетишкендиктин объектилерине коргоо документин башка бирөөгө ыйгарып берүү жөнүндө келишимди, лицензиялык келишимди пайдаланууга укук берүү жөнүндө бул лицензиялык келишимди, технологияларды өткөрүп берүү жөнүндө келишимди каттоо Эрежеси;

- Автордук укук менен эриш-аркак укуктардын объектилерине автордук келишимди жана интегралдык микросхемалардын топологиясына лицензиялык келишимди карап чыгуунун жана каттоонун жана карап чыгуунун Эрежеси

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде Патентгик маалымдоонун кызмат көрсөтүү мамлекеттик инновациялык борбору "Табылганын" Уставы кошумча иштелип чыгып, кайра катталды, бул патенттик маалымдоонун борбору "Табылганын" функцияларын кеңейгүү менен шартталган.

Кыргыз Республикасынын БДСУга кирүүсүнө байланыштуу жана интеллектуалдык менчик жаатында жүзөгө ашыруу боюнча натыйжалуу чараларды кабыл алуу жагынан министрликтер менен ведомстволордун күч-аракеттерин координациялоонун зарылдыгына байланыштуу интеллектуалдык менчик жаатындагы укуктарды жүзого ашыруу боюнча Ведомстволор аралык Комиссия жөнүндөгү Жобонун долбоору иштелип чыкты.
Кыргызпатенттин алдындагы Апелляциялык кеңеш тарабынан 1998-жылы он жети каршыгуу, анын ичинде төрт даттануу жана он үч нааразылык каралып чыкты

## *Өнөр жай менчигинин объектилерин жана селекциялык жетишкендиктерди экспертизадан өткөрүү жана каттоо*

### *Ойлоп табуулар*

1998-жылы Кыргызпатентке: ойлоп табууга - 116 өтүнмө, мунун ичинен 5 - чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен келип тушту; РСТ процедурасынын улуттук фазасы боюнча - 7 өтүнмө келип түштү; жалпы саны 1997-жылга келип түшкөн өтүнмөлөрдүн - 57.21 %ды түзөт. 1998-жылы келип түшкөн өтүнмөлөр жөнүндөгү маалыматтар 1-таблицада берилген. 1993-жылдан 1998-жылга чейин ойлоп табууларга келип түшкөн өтүнмөлөрдүн салыштырмалуу таблицасы 2-таблицада жана 1-диаграммада берилген.

1998-жылы Мамлекеттик Реестрде катталган ойлоп табуулар жөнүндөгү маалыматтар 3-таблицада жана 2-диаграммада берилген. 4-таблица менен 3- диаграммада 1998-жылы Мамлекеттик Реестрде катталган ПМК бөлүмдөрү ойлоп табуулардын бөлүштүрүлүшү берилген.

5-таблица менен 4-диаграммада 1998-жылы Мамлекеттик Реестрде катталган ойлоп табуулардын патент ээлеринин өлкөлөр боюнча таандыгынын маалыматтары берилген.

1 –Таблица

| *Көрсөткүчтүн аталышы* | *1998* |
|---|---|
| Улуттук процедура боюнча өтүнмөлөр келип түштү, бардыгы: | 116 |
| алардын ичинен: улуттук өтүнмөлөрдүн ээлеринен | 111 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 5 |
| анын ичинен: КМШ өлкөлөрүнүн түнмө ээлеринен | - |
| РСТ процедурасы боюнча улуттук процедурага келип түшкөн өтүнмөлөр | 7 |

| | *1993* | *1994* | *1995* | *1996* | *1997* | *1998* | *1997-ж. карата % менен* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз өтүнмө ээлери | 21 | 138 | 121 | 126 | 152 | 111 | 73.03 |
| Чет өлкөлүк өтүнмө ээлери | 8 | 255 | 32 | 19 | 15 | 5 | 33.3 |
| РСТ өтүнмөлөрү | 0 | 0 | 0 | 126 | 40 | 7 | 17.5 |

1 - Диаграмма



1998

3-Таблица

| *Көрсөткүчтүн аталышы* | *1998* |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын ойлоп табууларынын Мамлекеттик Реестрине киргизилгендери, бардыгы: | 91 |
| алардын ичинен патенттер | 25 |
| алдын ала патенттер | 66 |
| Кыргыз Республикасындагы өз күчүн сактап турган Евразиялык патенттердин саны | 22 |

2-Диаграмма




4-Таблица

| *МПК бөлүмдөрү* | *1998* |
|---|---|
| A | 39 |
| B | 8 |
| C | 21 |
| D | - |
| E | 7 |
| F | 7 |
| G | 6 |
| H | 3 |
| Б а р д ы г ы : | 91 |

3-Диаграмма






Библиотека
Кыргызпатента

5-Таблица

| *Өлкө* | *Өлкөнүн коду* | *1998* |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | 65 |
| АКШ | US | 6 |
| Нидерланддар | NL | 5 |
| Орусия Федерациясы | RU | 2 |
| Венгрия | HU | 2 |
| Канада | CA | 2 |
| Швейцария | CH | 2 |
| Австрия | AT | 1 |
| Бельгия | BE | 1 |
| Улуу Британия | GB | 1 |
| Германия | DE | 1 |
| Испания | ES | 1 |
| Италия | IT | 1 |
| Франция | FR | 1 |
| Б а р д ы г ы: | 91 | |

4-Диаграмма



## *Товардык белгилер*

1998-жылы Кыргызпатентке: товардык белгилерди каттоого - 615 өтүнмө, анын ичинен 489 - чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен келип түштү; белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусу боюнча - 2460 өтүнмө келип түштү, келип түшкөн өтүнмөлөрдүн жалпы саны 1997-жылы келип тушкөн өтүнмөлөрдүн 95.88 %ын түзөт. Товардык белгилерди каттоого 1998-жылы келип түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар 6-таблицада берилген. Товардык белгилерди каттоого 1993-жылдан 1998-жылга чейин келип түшкөн өтүнмөлөрдүн салыштырмалуу таблицасы 7-таблицада жана 5-диаграммада берилген.

1998-жылы Мамлекеттик Реестрде катталган товардык белгилер жөнүндө маалыматтар 8-таблицада жана 6-диаграммада берилген.

9-таблицада жана 7-диаграммада 1998-жылы Мамлекетгик Реестрде катталган товардык белгилердин ээлеринин өлкөлөр боюнча таандуулугунун маалыматтары келтирилген.

6-Таблипа

| *Көрсөткүчтүн аталышы* | *1998* |
|---|---|
| Улуттук процедура боюнча келип тушкон өтүнмөлөр, бардыгы | 615 |
| алардын ичинен: улуттук өтүнмө ээлеринен | 126 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 489 |
| Мадрид макулдашуусу боюнча келип түшкөн өтүнмөлөр | 2460 |

7-Таблица

| *Өтүнмөлөрдүн саны* | *1993* | *1994* | *1995* | *1996* | *1997* | *1998* | *1997-ж. карата % менен* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| кыргыз өтүнмө ээлеринен | 21 | 138 | 121 | 126 | 152 | 111 | 73.03 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 8 | 255 | 32 | 19 | 15 | 5 | 33.3 |
| Мадрид макулда-шуусу боюнча | 0 | 0 | 0 | 126 | 40 | 7 | 17.5 |

5-Диаграмма




Таблица 8

| *Көрсөткүчтүн аталышы* | *1998* |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик реестрине катталган товардык белгилер, бардыгы | 489 |
| алардын ичинен: улуттук өтүнмө ээлеринен | 41 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 448 |
| анын ичинен КМШ өлкөлөрүнүн өтүнмө ээлеринен | 12 |

6-Диаграмма



9-Таблица

| *Өлкө* | *Өлкөнүн коду* | *Товардык белгилердин саны* |
| --- | --- | --- |
| Кыргыз Республикасы | KG | 41 |
| АКШ | US | 187 |
| Улуу Британия | GB | 59 |
| Нидерланддар | NL | 28 |
| Жапония | JP | 27 |
| Германия | DE | 23 |
| Түркия Республикасы | TR | 23 |
| Корея Республикасы | KR | 11 |
| Франция | FR | 11 |
| Швейцария | CH | 10 |
| Орусия Федерациясы | RU | 8 |
| Дания | DK | 7 |
| Бириккен Араб Эмираттары | AE | 7 |
| Болгария | BG | 6 |
| Испания | ES | 6 |
| Казакстан | KZ | 4 |
| Бермуд аралдары | BM | 3 |
| Сингапур | SG | 3 |
| Шри Ланка | LK | 3 |
| Багамы | BS | 2 |
| Бразилия | BR | 2 |
| Италия | IT | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| Канада | CA | 2 |
| Люксембург | LU | 2 |
| Швеция | SE | 2 |
| Чили | CL | 2 |
| Австралия | AU | 1 |
| Австрия | AT | 1 |
| Аргентина | AR | 1 |
| Гонконг | HK | 1 |
| Израиль | IL | 1 |
| Мексика | MX | 1 |
| Таиланд | TH | 1 |
| Финляндия | FI | 1 |
| Б а р д ы г ы : | 489 | |

7-Диаграмма



## *Пайдалуу моделдер*

1998-жылы Кыргызпатентке: пайдалуу моделдерге - 10 өтүнмө келип түштү. Мамлекеттик реестрге 5 пайдалуу модел катталды. 10 жана 11-таблицаларда өткөн жылдарга салыштырганда пайдалуу моделдер боюнча негизги көрсөткүчтөр келтирилди. МПК класстары боюнча 1998-жылы келип түшкөн пайдалуу моделдерге өтүнмөлөрдүн бөлүштүрүлүшү 12-таблицада келтирилди.

10-Таблица

| ***Көрсөткүчтүн аталышы*** | ***1998*** |
|---|---|
| Улуттук процедура боюнча келип түшкөн өтүнмөлөр, бардыгы | 10 |
| Пайдалуу моделдердин Мамлекеттик реестрине киргизилгендери | 5 |

11-Таблица

| | ***1993*** | ***1994*** | ***1995*** | ***1996*** | ***1997*** | ***1998*** | ***1997-ж. карата % менен*** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ПМге өтүнмөлөрдүн бардыгы | 0 | 5 | ***9*** | 8 | 13 | 12 | 92.31 |

12-Таблица

| ***МПК бөлүмдөрү*** | ***1998*** |
|---|---|
| A | 1 |
| B | - |
| C | - |
| D | - |
| E | 3 |
| F | 5 |
| G | - |
| H | 1 |
| Б а а р ы : | 10 |

## *Өнөр жай үлгүлөрү*

1998-жылы Кыргызпатентке: өнөр жай үлгүлөрүнө - 13 өтүнмө, алардын ичинен чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен - 11 өтүнмө келип түштү. Мамлекеттик Реестрге 14 өнөр жай үлгүсү катталды. 13- жана 14-таблицаларда өткөн жылдарга салыштырганда өнөр жай үлгүлөрү боюнча негизги көрсөтмөлөр келтирилген. Мамлекетеик Реестрге катталган өнөр жай үлгүлөрүнүн патент ээлеринии өлкөлөр боюнча таандуулугунун бөлүштүрүлүшү 15-таблицада келтирилген.

13-Таблипа

| ***Көрсөткүчтүн аталышы*** | ***1998*** |
|---|---|
| Улуттук процедура боюнча келип түшкөн өтүнмөлөр, бардыгы | 13 |
| алардын ичинен: улуттук өтүнмө ээлеринен | 2 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 11 |
| Мамреесгрге катталган өнөр жай үлгүлөрү | 14 |

14-Таблипа

| | ***1993*** | ***1994*** | ***1995*** | ***1996*** | ***1997*** | ***1998*** | ***1997-ж. карата % менен*** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өнөр жай үлгүлөрүнө өтүнмөлөр жана өтүнүчтөрдүн бардыгы | 8 | 0 | 7 | 8 | 17 | 13 | 76.48 |

| *Өлкө* \ | *Өлкөнүн коду* | *1998* |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | ***9*** |
| АКШ | US | ***2*** |
| Финляндия | FI | 1 |
| Франция | FR | 1 |
| Улуу Британия | GB | 1 |
| Корея Республикасы | KR | 1 |
| Лихтенштейн | LI | I |
| Нидерланддар | NL | 1 |

## *Селекциялык жетишкендиктер*

1998-жылы Кыргызпатентке: селекциялык жетишкендиктерге - 15 өтүнмө келип түштү.

| Көрсөткүчтүн аталышы | *1998* |
|---|---|
| Селекциялык жетишкендиктерге келип түшкен өтүнмөлөр | 15 |
| Экспертиза өткөрүлдү | - |

### *Лицензиялык келишимдерди экспертизалоо жана каттоо*

1998-жыл ичинде бөлүмгө келишимдерди каттоого 87 өтүнмө түштү. Каралып чыккан жана катталган 82 келишимдин ичинен:

6 лицензиялык келишим, булардын ичинен:

- өзгөчө эмес лицензия берүү менеп ойлоп табууну пайдаланууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө кыргыз жеке адамдары менен юридикалык өнөктөрдүн ортосунда - 1;
- өзгөчө эмес лицензия берүү менен товардык белгини пайдаланууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө даниялык юридикалык өнөктөрдүн ортосунда - I;
- өзгөчө эмес лицензия берүү менен "ноу-хауну" пайдаланууга укукту өткөрүп берүу жөнүндө кыргыз жеке адамдары менен юридикалык өнөктөрдүн ортосунда - 1;
- өзгөчө лицензия берүү менен "ноу-хауну" пайдаланууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө кыргыз жеке адамдары менен юридикалык өнөктөрдүн ортосунда - 1;
- өзгөчө эмес лицензия берүу менен технологияны пайдаланууга укукту өткөрүп берүү тууралуу кыргыз жана орусиялык юридикалык өнөктөрдүн ортосунда - 1;
- өзгөчө эмес лицензия берүү менен "ноу-хау" элементтери бар технологияны пайдаланууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө кыргыз юридикалык жана орус юридикалык өнөктөр ортосунда - 1.

4 автордук лицензиялык келишим, алардын ичинен:

- катталган чыгармага автордун өзгөчө мүлктүк укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө кыргыз жана түрк жеке өнөктөр ортосунда - 1;
- автордун өзгөчө мүлктүк укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө кыргыз жана орусиялык юридикалык өнөктөр ортосунда - 2;
- автордун өзгөчө мүлктүк укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө кыргыз жана орусиялык өнөктөр ортосунда - 1.
- Катталган автордук чыгармаларга бардык мүлктүк укуктарды башка бирөөгө ыйгарып берүү жөнүндө кыргыз жеке адамдар өнөктөрүнүн ортосундагы келишим - 1.
- Клирингдерди жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн программалык камсыздоого укуктарды башка бирөөгө ыйгарып берүү жөнүндө кыргыз жана америкалык юридикалык өнөктөр ортосундагы келишим - 1.

- Товардык белгиге укуктарды башка бирөөгө ыйгарып берүү жөнүндө орусиялык юридикалык өнөктөр ортосундагы келишим - 1.
- Товардык белгиге укуктарды башка бирөөго ыйгарып берүү жөнүндө орусиялык жана швейцариялык юридикалык өнөктөр ортосундагы келишимдер - 5.
- Товардык белгилерге укуктарды башка бирөөгө ыйгарып берүүгө жөнүндө чет өлкөлүк өнөктөр ортосундагы келишимдер - 64.

Катталган келишимдердин ичинен: 75 - юридикалык жактардын ортосунда түзүлгөн, 4 - аралаш, б.а. жеке адамдар менен юридикалык жактардын ортосунда түзүлгөн, 3 - жеке адамдардын ортосунда түзүлгөн.

Төмөндөгүлөр иштелип чыкты: Башка бирөөгө ыйгарып берүү жөнүндогү келишимдер жана онор жай объектилерин жана технологияларды өткөрүп берүүнүн башка ыкмаларын пайдаланууга укук берүү жөнүндөгү келишимдерди карап чыгуунун жана каттоонун эрежелери; Башка бирөөгө ыйгарып берүү жөнүндөгү автордук келишимдерди жана пайдалануу үчүн илимдин, адабияттын жана искусствонун чыгармаларына укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө автордук лицензиялык келишимдерди карап чыгуунун жана каттоонун эрежелери; Ойлоп табууну пайдаланууга өзгөчө (өзгөчө эмес) лицензия берүү жөнүндө болжолдуу келишим; Чыгарманы (илимий-техникалык жетишкендикти) пайдаланууга автордун өзгөчө укуктарын башка бирөөгө ыйгарып берүү жөнүндө келишим.

## *Автордук укуктун жана эриш-аркак укуктардын объектилерин коргоо*

1998-жылы Кыргшпатенттин активдүү катышуусу менен автордук укук жаатында да төмөндөгүлөр сыяктуу бир катар мыйзамдар жана нормативдик документтер кабыл алынды:

- 1998-жылдын 14-январында Кыргыз Республикасынын "Автордук укук жана эриш-аркак укуктар жөнүндө" Мыйзамы;
- 1998-жылдын 30-мартында Кыргыз Республикасынын "Электрондук эсептөөчү машиналар менен маалыматтар базасы үчүн программаларды укуктук коргоо жөнүндө" Мыйзамы;
- 1998-жылдын 31-мартында Кыргыз Республикасынын "Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук коргоо жөнүндө " Мыйзамы;
- 1998-жылдын 20-октябрында Автордук укуктар менен эриш-аркак укуктардын объектилерин каттоого өтүнмөлөрдү түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун Эрежелери;
- 1998-жылдын 17-декабрында Атордук укуктун жана эриш-аркак укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акынын минималдык өлчөмү жөнүндө Жобо.

Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн Конвенциясына Кыргыз Республикасынын кириши жөнүндөгү Мыйзамга кол коюлду жана Авчордук укук боюнча ИМБДУ Келишимине Протокол Кыргыз Реепубликасы тарабынан ратификацияланды.

Кыргызпатент интеллектуалдык менчик жаатындагы укук бузууларды токтотуу боюнча кызматташтык жөнүндө КМШ өлкөлөрүнүн Өкмөттөр аралык Макулдашуусун иштеп чыгууга катышты.

Кыргызпатент тарабынан илимдин, адабиятгын жана искусствонун чыгармаларын каттоо Кыргыз Республикасынын автордук укук жана эриш-аркак укуктар жөнүндөгү мыйзамдуулуктун негизинде жүзөгө ашырылат, ал эми отчеттук мсзгил ичинде 47 автор жана илимдин, адабияттын, искусствонун 442 чыгармасы катталды.

Авторлор тарабынан Кыргызпатентке ыйгарымдуулукту өткөрүп берүү жөнүндө 58 келишим түзүлдү.

1999-жылдын 1-январына карата Кыргызпатентте 751 автор жана 7397 чыгарма эсепте турат.

ЭЭМ жана маалыматтар базасынын жана ИМС топологияларынын программаларына автордук укуктарды каттоо кабыл алынган мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылды. Жыл ичинде ЭЭМ үчүн программаларды каттоого 5 өтүнмө жана маалыматтар базасы үчүн 1 өтүнмө берилген.

ЭЭМ учун 3 программа жана 1 маалыматтар базасы катталды.

### *Кыргызпатенттин патенттик-маалымат ишмердуулугу*

1998-жылы Кыргызпатенттин патенттик-маалымдоо ишмердиги төмөндөгү багыттар боюнча өнүгүүсүн улантты:

- "Интеллектуалдык менчик" расмий бюллетенин чыгаруу;
- илимий-практикалык журнал "Кыргызпатенттин кабарлары: интеллектуалдык менчиктин маселери" журналын чыгаруу;
- ойлоп табуулардын жана пайдалуу моделдердин толук сүрөттөп жазмасын чыгарууга;
- патенттин маалымат алмашуу боюнча эл аралык уюмдар жана патенттик ведомстволор менен өз ара аракеттенүү;
- Кыргыз Республикасынын патенттик фондуларын комплектөө;
- маалымат-издөө фондуларын комплектөө;

Республикалык илимий-техникалык китепкананын ишмердигин жакшыртуу максатында жана патенттик фондуну сактоонун жана калыптандыруунун зарылдыгына байланыштуу Республикалык илимий-техникалык китепкана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 3 ноябрындагы № 719 токтому менен Кыргызпатенттин Мамлекеттик патенттик-техникалык китепканасына кайра түзүлдү, ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствосунун Мамлекеттик патенттик-техникалык китепкананын жаңы Жобосу иштелип чыкты.

Отчеттук жыл ичинде Кыргызпатенттин расмий бюлетенинин төрт саны басылып чыкты, ойлоп табуулардын патенттик жана алдын ала патенттик сүрөттөп жазмалары жарыяланды. "Кыргызпатенттин кабарлары: интеллектуалдык менчиктин маселелери" деген илимий-практикалык журналдын биринчи саны басылып чыкты.

Патенттик маалыматтар менен алмашуу боюнча эл аралык өз ара аракеттенишүү жагында патенттик маалымат менен алмашуу боюнча патенттик ведомстволор менен эки тараптуу макулдашуулар түзүлдү.

КМШ өлкөлөрүнүн патенттик маалыматтары боюнча бирдиктүү CD-ROM продуктусун түзүү боюнча TAS1S программасынын алкагында Кыргызпатент КМШ жана ЕПВ патенттик ведомстволорунун өкүлдөрү менен жолугушууларга жана семинарларга катышты. КМШ өлкөлөрүнөн берилген материалдар боюнча сыноо дискасы жасалды.

Интеллектуалдуу менчик жаатында глобалдуу маалымат тармагын түзүү боюнча ИМБДУ программасынын алкагында Кыргызпатент төмөндөгү иштерди жасады:

- интеллектуалдуу менчиктин объектилери боюнча Кыргызпатенттин кабарын берүү үчүн INTERNET тармагында WEB-баракты түзүү боюнча;
- Кыргызпатенттин патенттик маалыматтын MIMOSAнын форматына которуу боюнча.

## *Автоматташтыруу жана компъютерлештирүү*

1998-жылы Кыргызпатенттин негизги көңүлү интеллектуалдык менчиктин объектилерин, товардык белгилердин экспертизасын, ойлоп табуулардын жана пайдалуу моделдердин мурда түзулгөн автоматташтырылган маалымат базаларын башкаруунун системасын (МББС), Мамреестрдин МББСин андан ары өркүндөтүүгө бурулду, ошондой эле Кыргызпатенттин аппараттык жана программалык каражаттарынын МББСи түзүлүп жатат. Колдо бар МББСтерди Клиент-Сервер технологиясына которуу максатында жаңы программалык камсыздоону өздөштүрүү боюнча иштер улантылууда, ведомствонун филиалдарында Мамлекеттик патенттик-техникалык китепканадан ведомствонун филиалдарындагы алыскы пайдалануучуларды жана окурмандарды камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасында Интернет тармагынын сервис кызматынын базасында Интернет технологиясынын мүмкүнчүлүктөрү изилденип үйрөнүлүп жатат.

Жекече компьютерлердин паркы (КП) 36-дан 44-гө чейин өстү. Принтерлердин саны 34-төн 38-ге чейин көбөйдү, көчүрмө аппараттар 18-ден 21-ге чейин жетти. Салынган каражатты сактоо максатында жабдууларды үзгүлтүксүз модернизациялоо жүргүзүлүп турат.

Электрондук почта системасы колдонулат. Кыргызпатенттин бөлүкчөлөрүнүн ишмердигин андан ары автоматташтыруу иши улантылууда.

Эл аралык алмашуу боюнча келип тушкон CD-ROM дискилерин жана программалык продуктуларды пайдалануу боюнча техникалык тейлөө камсыз кылынууда.

2000-жылдын проблемалары бар компьютерлерди ачып табуу боюнча иш жүргүзүлдү. 2000-жылдын проблемаларын четтөө максатында колдо болгон МББСке өзгөртүүлөр киризилди.

Internet жана Intranetтин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен кагазсыз технологияга өтүүгө даярдык көрүлүп жатат.

## *Патенттик-маалымат кышатынын "ТАБЫЛГА" инновациялык борбору*

Инновациялык борбор "Табылга" өзүнүн ишмердигин 1996-жылдын 15- мартындагы Уставга ылайык жүзөгө ашырды - бул ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге, өнөр жай үлгүлөрүнө жана товардык белгилерге коргоо документтерин алуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр, консультациялык жана маалыматтык тейлөө, интеллектуалдык менчиктин объектилеринин наркын баалоо, ИМ жаатында ар түрдүү граждандык-укуктук келишүүлөрдү жүргүзүүдө юридикалык жактардын жана жеке адамдардын кызыкчылыктарын өкүлдөө жана башкалар.

Патенттик изилдөөлөр жүргүзүлдү жана ошондой эле 15 тема боюнча белгилүү ОПС патенттик коргоого сунуш кылынган олуттуу айырмачылыктарды ачып көрсөтүү максатында салыштырмалуу талдоо жүргүзүлгөн.

Бөлүмдүн кызматкелери тарабынан ИМдин объектилерин баалоо боюнча усулдук сунуштар иштелип чыгып, Кыргызпатенттин Коллегиясынын карап чыгуусуна берилген, "Толубай" банкы менен биргелешип Интеллектуалдык менчиктин Мамлекеттик фондусу жөнүндө жобо иштелип чыкты, Инновациялык борбор "Табылганын" Уставынын жаңы варианты даярдалды.

Республиканын ишканалары менен мекемелеринин көрсөтүүсү боюнча № 4- НТ формасы боюнча "Өнөр жай менчигинин объектилерин пайдалануу жөнүндө отчет" деген жылдык ведомстволук отчеттуулук иши жүргүзүлдү.

## *Эл аралык кызматташтык Интеллектуалдык менчик жаатындагы кадрларды даярдоо*

1998-жылы Кыргызпатент эл аралык кызматташтык боюнча макулдашуулардын алкагында иштерди жүзөгө ашырды. '

Мамлекеттер "аралык жана өкмөттөр аралык жаңы Макулдашууларды түзүү боюнча иштер жүргүзүлдү. 1998-жылда ратификациялоонун натыйжасында Кыргызстан ИМБДУнун камкордугу астында Эл аралык 3 классификациялык макулдашууларга кошулду, булар 1998-жылдын 10-декабрынан тартып күчүнө кирет:

- Белгилерди каттоо учун товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдү Эл аралык классификациялоо жөнүндө Ницца макулдашуусуна;
- Өнөр жай үлгүлөрүн Эл аралык классификациялоо жөнүндө Локарн макулдашуусуна;
- Белгилердин сүрөттүү элементтерин Эл аралык классификациялоосун түзүү жөнүндө Вена макулдашуусуна кошулду.

Эл аралык патенттик классификациялоо жөнүндө Страсбург макулдашуусу 1999-жылдын 10-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

1998-жылдын мартында интеллектуалдык менчик жаатында укук бузууларды токтотуу боюнча кызматташтык жөнүндө Макулдашууга кол коюлду, ал эми 1998- жылдын 10-сентябрында автордук укук боюнча ИМБДУнун келишими депозитарийге - ИМБДУнун Башкы директоруна тапшырылды.

1998-жылдын 13-ноябрында Интеллектуалдык менчик коргоо жагында кызматташтык жөнүндө Кыргыз Республикасы менен Туркия Республикасынын Өкмөттөрүнүн ортосундагы келишим Эл аралык мамиледеги чоң окуя болуп калды, ал интеллектуалдык менчикти коргоо, маалыматтар, нормативдик жана башка документтерди, ошондой эле тажрыйба алмашууда, интеллектуалдык менчикти коргоо жаатында адистерди алмашууда кызматташтыкты көздөйт.

***ИМБДУ менен кызматташуу***

1998-жылы ИМБДУ менен байланышты чыңдоо жана кызматташуу улантылды.

ИМБДУнун Эл аралык бирликтери менен комитеттеринин ишмердик алкагында Кыргызпатент ИМБДУ тарабынан уюштурулуучу кезектеги жана өзгөчө сессияларынын ишине катышып турду. ИМБДУ Кыргызпатенттин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууда консультациялык жардамды жана дайыма колдоону көрсөтүп турат.

1998-жылдын ноябрында ИМБДУнун өкүлдөрү келип кетишти, алар Кыргызпатенттин кызматкерлери жана патенттик ишенимдүү өкүлдөрү үчүн Мадрид макулдашуусуна ылайык белгилерди эл аралык каттоо маселери боюнча бир күндүк семинар өткөрүштү.

ИМБДУнун чакыруусу боюнча ведомствонун бир катар кызматкерлери чет өлкөлүк патенттик ведомстволор жана КМШ өлкөлөрү менен бирге ИМБДУ тарабынан уюштурулган симпозиумдар менен семинарлардын ишине катышышты:

- 21 кылымдагы РСТ системасы боюнча Пекиндеги (Кытай), семинарга;
- өткөөл экономикалуу өлкөлөрдө интеллектуалдык жана өнөр жай менчиги боюнча Ведомстволорго арналган Хорватиянын (Дубровник) менчиги боюнча Ведомство менен кызматташууда ИМБДУнун симпозиумуна;
- окумуштуулар менен изилдөөчүлөр үчүн лицензиялоо боюнча Киевдеги (Украина) регионалдуу семинарга катышышты.

***Европалык патенттик ведомство (ЕПВ) менен кызматташуу***

1998-жылы Кыргызпатент ЕПВ менен активдуу кызматташты. ЕВП адистерди даярдоого, патенттик процедураны өркүндөтүүгө жана автоматташтырууга дайыма чоң көңүл бурат жана ошондой эле патенттик адабиятты берүүгө төлөөсүз жардам көрсөтүп турат.

Ушуга байланыштуу Кыргызпатенттин кызматкерлери ЕВП Германияда жана Швейцарияда, Мюнхенде, Австрияда, ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө - Ташкентте, Алматыда уюштурулган семинарларга катышышты.

1998-жылы ноябрда улуттук патенттик система менен таанышуу жана консультациялык жардам көрсөтүү максатында Эл аралык Техникалык Кызматташтыктын администратору Нина Формби келип кетти.

***ЕАПО менен кызматташуу***

1998 жыл ичинде ЕАПО менен кызматташуу ЕАПОнун Административдик Кеңешинин жетинчи (кезектеги бешинчи) заседаниясынын жана бюджеттик жумушчу тобунун Москва шаарындагы үчүнчү заседаниясынын ишинин алкагында катышуу Менен жүзөгө ашырылды.

***Эл аралык көргөзмөлөргө катышуу*** [1]

1998-жылдын мартында Кыргызпатент биринчи жолу ойлоп Табучулардын бүткүл дүйнөлүк жолугушуусуна катышты жана өзүнүн эскпонаттарын БУдапештте (Венгрия) көрсөттү. Көрсөтүлгөн ойлоп табуулар ойлоп табуучулукта жетишилген ийгиликтер үчүн кызыктыргыч медаль жана грамота менен белгиленди.

Эл аралык келишимдерге кошулуу боюнча Кыргызпатенттин эң жакын арадагы пландары Адабий жана көркөм чыгырмаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясын ратификациялоо жана ага кошулуу болуп саналат.

Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү максатында 1999-жылдын августунда ИМБДУнун камкордугу астында "Автордук укукту жана эриш-аркак укуктарды коргоонун проблемасы" деген Эл аралык семинарды Бишкек жана Чолпон-Ата шаарларында өткөрүү пландаштырылууда.

***Кадрларды даярдоо***

Кыргызпатент интеллектуалдык менчик жаатындагы кадрларды даярдоо маселесине өзгөчө көңүл бурат. Кыргызпатенттин адистери эл аралык кызматташтыктын алкагында алыскы чет өлкөлөрдө интеллектуалдык менчик боюнча окутуунун кыска мөөнөттүк курстарында окушат.

Ведомствонун кызматкери бир ай бою "Өнөр жай менчигинин администрациясы" курсунда Токиодо (Япония) окуп келди. "Адан Яга чейинки товардык белгилер" курсунда ведомствонун үч кызматкери Москвада РИИС институтунда эки жумалык окуудан өтүп келишти. Кыргызпатенттин беш кызматкери 1998- жылы Москвадагы РИИСти сырттан окуп бүтүрүшүп, өнөр жай менчиги жаатында жогорку билимдин дипломун алышты.

